Айбашова Тазагул Матраимовна 13.00.02-окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган " Орто мектептерде функционалдык стилдерди окутуу" аттуу диссертациялык ишинин расмий оппоненти К.Карасаев атындагы кыргыз мамлекеттик университетинин доценттин м.а., педагогика илимдеринин кандидаты Сагынбаева Гулира Ишемакуновнанын

# ПИКИРИ

Диссертациялык иште орто мектептерде кыргыз тилинин стилдерин окутуунун жалпы маселелери, стилдерди окутуунун методикасы боюнча илимий изилдөөнүн материалдары жана методдору, функционалдык стилдерди окутуунун мотоддору камтылган. Ушулардын негизинде төмөнкүлөрдү белгилейбиз:

**I.Теманын адистикке дал келиши.** Функционалдык стилдер тилди окутууда мааниси чоң, анткени алар окуучуларга тилдик коммуникация көндүмдөрүн, тил коомчулугунун маданий түшүнүгүн өнүктүрүүгө жардам берет. Функционалдык стилдер окуучулардын сүйлөө, жазуу жөндөмүн өнүктүрүп, кеп маданиятын калыптандыууда ролу зор. Ошондуктан ийкемдүү, алгылыктуу методиканын негизинде окуучулардын сүйлөө, жазуу кебин калыптандыруу менен аларга функционалдык стилдердин айырмачылыгын үйрөтүп, ар кандай коммуникативдик кырдаалдарда жагдайга ылайык сүйлөшө алуусуна жетишүү бүгүнкү күндүн талабы.

Айбашова Тазагул Матраимовнанын "Орто мектептерде функционалдык стилдерди окутуу" деп аталган эмгеги өзүнүн объектиси, предмети, мазмуну жана изилдениш багыты боюнча 13.00.02-окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистигине дал келет.

**II. Теманын актуалдуулугу.** Т.М. Айбашова тарабынан тандалып алынган тема бүгүнкү күндө актуалдуу экендиги талашсыз, б. а. эгемендүүлүктөн бери ишке ашпай келе жаткан орто мектептерде кыргыз тилиндеги функционалдык стилдерди окутуу маселесин көтөргөнү менен бул диссертациялык иш баалуу болуп саналат. Диссертациялык иштин киришүүсүндө проблеманы изилдөө зарылдыктары ынанымдуу көрсөтүлүп, аны изилдөөгө себеп болгон жагдайлар карама-каршылыктары менен жеткиликтүү ачылып берилген.

Диссертациянын аткарылышы салттуу түзүлүшкө ээ болгон, киришүүдөн, үч баптан, баптар боюнча корутундудан жана жалпы корутундудан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат. Иштин жалпы көлөмү – 183 бет.



№ 156 «14» 02

**III. Диссертациялык иштин илимий жыйынтыктары.** Иш бул багыттагы кийинки изилдөөлөр үчүн олуттуу мааниге ээ боло турган илимий-методологиялык мүнөздөгү төмөнкүдөй жыйынтыктарга ээ.

**1-жыйынтык.** Орто мектептерде функционалдык стилдерди окутуунун теориясын иштеп чыгуунун негизги багыттары так белгиленген.

Функционалдык стилдер окуучуларга ар кандай стилдеги тексттерди талдоо жана түзүү жөндөмдөрүн өрчүтүү, алар белгилүү бир стилге мүнөздүү болгон тилдик өзгөчөлүктөрдү таанып, аларды сүйлөөдө жана жазууда жагдайга ылайыктап колдонууга үйрөтүү, кептин стилдерин өздөштүрүү аркылуу окуучуларга баарлашуу көндүмдөрүн өркүндөтүү, тилдин маданий аспектилерине жана баарлашуунун ар кандай кырдаалдарына ылайыкташууга үйрөтүү, инновациялык методдордун негизинде окутуу - бүгүнкү күндүн талабы экени белгиленип, анын жолдору иштелип чыгып, дидактикалык талаптар аныкталып, алар билим берүүчүлүк, өнүктүрүүчүлүк жана тарбия берүүчүлүк багыттарды көздөйт. Функционалдык стилдерди окуп-үйрөнүү үчүн окуу материалдарын тандоодо жеке предметке тиешелүү дидактикалык принциптер берилип, ушуга ылайык кептин стилдерин окутуунун илимий-методикалык жолдору ишенимдүү көрсөтүлдү. (1.1.-1.3.)

**2-жыйынтык.** Функционалдык стилдерди окутуунун методологиялык негиздери так аныкталып, изилдөөнүн объектиси менен предметине ылайык изилдөөнүн максаты менен милдетин ийгиликтүү ишке ашыруу максатында бир катар натыйжалуу деп эсептелген салттуу жана инновациялык изилдөө методдору колдонулган. Изилдөөнүн натыйжалуулугун бекемдөө максатында диагностикалык методдордон: байкоо жүргүзүү, анкеталык сурамжылоо, тестирлөө, жалпылоо, шүгөмелешүү, салыштыруу методдору колдонулган. (2.2.-2.3.)

**3-жыйынтык.** Педагогикалык эксперимент методу Ош шаарындагы №18 А. Навои атындагы мектеп-лицейинде өткөрүлгөн. Ош шаарынын №17 Ю.Гагарин атындагы мектеп-гимназиясы, №38 Б. Алыкулов атындагы мектеп-гимназиясы, Ош облусунун Кара-Суу районундагы №46 Саит Маматов атындагы орто мектеби, Ош облусунун Чоң-Алай районундагы Алайчы уулу Саид атындагы инновациялык мектеби, Жалал-Абад облусунун Ала-Бука районундагы Төрөгелди Балтагулов атындагы №1 жалпы орто билим берүүчү мектептери алынган. Эксперименттик иштер практикада кеңири жайылтылган үч этапка бөлүнүп жүргүзүлгөн: биринчи аныктоочу этабы; калыптандыруучу этабы; үчүнчү текшерүү жана жыйынтыктоо этабы. Ошентип, эксперимент үч этапта ишке ашырылган. (2.2.-2.3.)

**4-жыйынтык.** Кептин стилдеринин түзүлүшү, функциясы, камтылган окуу материалдары, окуу-методикалык аппараты, дидактикалык каражаттары, көнүгүүлөр системасы ж.б. элементтери жөнүндөгү маселелердин окуу

процессине тийгизген таасири талдоого алынат. Анткени мектеп окуучуларынын байланыштуу кебин, стилдерди тексттен талдоого үйрөнүүсүн, иш кагаздарын талапка ылайык жаза билүүсүн, жазуу жана оозеки кебин өркүндөтүүгө, жакшыртууга болгон иш-аракеттердин натыйжасы түздөн-түз окуу процессине таасир этет. (2.1.-2.3.)

## IV. Диссертациядагы илимий жыйынтыктардын негизделиши жана ишенимдүүлүгү.

**1-жыйынтык.** Кыргыз тилинин функционалдык стилдерин инновациялык технологиялар менен окутуунун орто мектептерге ылайык ыкмалары, жолдору, каражаттары педагогика, психология илимдеринин соңку жетишкендиктерине негизделип иштелип чыккан; кептин функционалдык стилдерин үйрөтүүнүн тарыхына, кептин стилдерин окутуунун жалпы маселелери, багыттарына, функционалдык стилдин лингвистикада изилденишине алар боюнча жазылган эмгектерге терең талдоо жүргүзүү менен орто мектептерде функционалдык стилдерди окутуунун жолдору, кептин стилдерин окутууга коюлуп жаткан азыркы талаптарын ишке ашыруунун педагогикалык шарттары иштелип чыккан. Тилди окутууда инновациялык технологиялардын колдонушу, дидактикалык принциптер жана кептин стилдерин окутуунун илимий-методикалык жолдору боюнча өз баасын берүү, баалоо жекече көз караштa чыгарылган.

**2-жыйынтык.** Илимий-методикалык эмгектерди талдоо методу, байкоо жана баарлашуу, маектешүү, активдүү методу, салыштыруу, жалпылоо методу, анкета алуу жана суроо-жооп методдору, талдоо жана анализдөө методдорунун негизинде чыгарылган.

**3-жыйынтык.** Педагогикалык эксперимент үч этап менен ишке ашырылып, констатациялоочу аныктоо этабында (2013-2015-окуу жылдар) мектептерде функционалдык стилдер жөнүндө окуучулардын билимин калыптандырууда мугалимдердин иш-аракетине, окуучулардын стилдер боюнча билим деңгээлдерин текшерүүдө байкоо, анкеталык сурамжылоо методдору колдонулган.

Педагогикалык эксперименттин калыптандыруучу этабында (2016-2019-окуу жылдар) мектеп окуучуларынынын функционалдык стилдер боюнча теориялык билимин, стилдерди колдонуусуна зарыл болгон педагогикалык шарттардын натыйжалуулугун аныктоо жүргүзүлдү, негизги мектеп окуучуларына функционалдык стилдерди окутуунун модели ыкмасы сыналды. Бул этапта эксперименталдык топтогу окуучуларга дифференциалдык усул менен иштелген сабактар өтүлгөн. Экспериментке катышкан мугалимдер менен биргеликте пландар иштелип чыккан жана стилдерди окутуунун усулдары тандалып алынган. Бул этапта окуучулардын функционалдык стилдерди өздөштүрүүсү, аны өндүрүштө колдонуу

шарттары, экспериментке ылайык иштелип чыккан методиканы сынооо, тажрыйбалоо практикаланган. Сунушталган методика жана моделдер менен сабактын иштелмелери даярдалып, эксперименттик топтордо апробацияланган.

Педагогикалык эксперименттин текшерүүчү, жыйынтыктоочу этабында (2020-2022-окуу жылдар) эксперименталдык жана текшерүү топторунун жыйынтыктарына сандык, сапаттык салыштыруу жүргүзүлүп, жыйынтыгы таблицалар менен ишенимдүү чыгарылган. (2.2.-2.3.)

**4-жыйынтык.** Окуучулардын тексттердин функционалдык стилдерин туура аныктоо жана окуучулардын функционалдык стилдерди түшүнүү жана кабыл алуу деңгээлдерин текшерүү боюнча тест алынып, таблицалар түрүндө берилип, ал таблицада окуучулардын функционалдык стилдерди өздөштүрүү деңгээли жогорулагандыгы, сунушталган методдордун белгилүү чени таасири тийгендиги тастыкталып, жыйынтыктар чыгарылган.

Окуу процессинде мектеп окуучулары кептин стилдерин окутуунун эң натыйжалуу формасы болгон интерактивдүү сабактардын жана дифференциалдык усул менен сабактардын уюштурулушу, функционалдык стилдери натыйжалуу, жеткиликтүү окутууда талапка ылайык тексттердин тандалып алынуусу, окуучуларга стилдин түрлөрүн, иш кагаздарын маанисин жана алардын жазуу өзгөчөлүгүн үйрөтүүдө алгылыктуу методиканын иштелип чыгуусу, кептин стилдерине машыктыруу максатында көнүгүүлөр системасынын берилиши, кептин стилдерин окутуп-үйрөтүүнүн педагогикалык шарттары, кырдаал, стилдерди түрдүү тапшырмалардын негизинде окутулушу окуучулардын байланыштуу кебин, стилдерди окутуунун сапатын жогорулаткан. (3.1.-3.2.)

## V. Диссертациялык иштеги илимий жыйынтыктардын жаңылык деңгээли

Т.М. Айбашованын диссертациялык изилдөөсү жана анын жыйынтыктары илимий жаңылыгы жана практикалык мааниси боюнча кыргыз тилин орто мектептерде окутуунун методикасы илимине жана окутуу практикасына тикелей кызмат кыла алат. Кыргыз тилин орто мектептеринде окутуунун педагогикалык негиздерин иштеп чыгуу, аларды практикада сунуштоо жана методикалык колдонмолорду жазууда изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси маанилүү роль ойнойт. Изилдөөнүн жыйынтыктары жаңы жана маанилүү. Алар кыргыз тилин орто мектептеринде окутуунун теориясы менен практикасын өркүндөтүүгө, кыргыз тилин баардык тармакта жетиштүү деңгээлде өнүктүрүүгө өз салымын кошот.

## VI. Алынган жыйынтыктардын ички биримдигин баалоо

Изилдөөдө алынган илимий-методологиялык жыйынтыктар ички биримдикке, улантуучулук мүнөзгө, логикалык ырааттуулукка, маани-маңыздык байланыштуулукка ээ.

## VII. Алынган жыйынтыктардын тиешелүү актуалдуу проблемага, теориялык, методологиялык же колдонмо маселеге багытталышын баалоо

Тазагул Матраимовна Айбашованын диссертациялык иши окутуунун теориясы жана методологиясы илиминдеги изилдөөгө алына элек, тагыраак айтканда, "Орто мектептерде функционалдык стилдерди окутуу" орто мектептеги окуучулар үчүн кыргыз тили сабактарында функционалдык стилдерди окутуу менен балдардын оозеки жана жазуу кебин өстүрүүгө, кеп маданиятын калыптандырууга суроо-талаптардын жогорулагандыгы, сабакатарда кептин стилдерин жетиштүү деңгээлде өздөштүрүү колго алынбагандыгы ж.б. функционалдык стилдерди өздөштүрүүнүн баардык маселелерин чечүү жолдору тийиштүү деңгээлде иштелип чыккан. Диссертациянын жыйынтыктары, материалдары, жоболору илимий-методологиялык, билим берүүчүлүк, практикалык түшүнүүчүлүк мааниге ээ.

## VIII. Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын, бүтүндүгүнүн жетиштүү санда жарык көрүшү

Диссертациялык изилдөөдөн алынган негизги жыйынтыктар, көрсөткүчтөр, бүтүм-корутундулар автордун илимий-методикалык эмгектеринин жарык көрүшү, баяндамалары, илимий маалыматтары, жарыкка чыккан илимий макалалары саналат.

Изилдөө ишинин негизги мазмуну КР Президентине караштуу УАК талап кылган жалпы 2 усулдук колдонмо, 1 окуу куралы, регионалдык, республикалык, эл аралык масштабда чыгарылган журналдарда жарыяланган 12 илимий макалада басылып чыккан.

## IX. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна шайкеш келиши

Автореферат диссертациялык иштин мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаты менен милдеттерине шайкеш келет. Авторефератта диссертациянын кеңири идеялары, жыйынтыктарынын жазылышы, автордун кошкон салымы, жаңылыгынын даражасы, изилдөөнүн практикалык баалуулугу көрсөтүлгөн. Авторефератка коюлуучу талаптар толук сакталган.

## X. Диссертациялык иштин мазмунунда жана түзүлүшүндө кездешкен айрым кемчиликтер

Диссертациялык иш боюнча төмөндөгүдөй айрым сунуштарды, сын пикирлерди айтууга болот:

1.Текстте орфографиялык, пунктуациялык каталар абдан көп орун алган, аларды оңдоо зарыл.

2.Эксперименттин констатациялык же аныктоочу этабында окуучулардын функционалдык стилдерди өздөштүрүүсү, аны колдоно билүү деңгээлин текшерүүдө сурамжылоо анкетасын жүргүзүү менен гана чектелип

жыйынтык чыгарылган, иш кагаздары жазуу формасында аткарылгандыгын эске алганда, жазуу тапшырмаларын берүү менен окуучулардын кептин стилдери боюнча алган билимин, иш кагаздарын жазууда ойдун так, түшүнүктүү логикалык берилиши, б.а. иш кагаздрына коюлуучу талаптардын негизинде жаза билүү деңгээлин аныктоо менен да жыйынтык чыгарылса эксперименттин натыйжалуулугу артмак.

3.Экспериментке катышкан мугалимдердин, усулдук бирикме жетекчилердин, окуучулардын баары болбосо да айрымдарынын аты-жөнү толук берилсе, эксперименттин ишенимдүүлүгү мындан да жогору болмок.

4.Иш кагаздарын өздөштүрүүдө, аларды түрдүү жагдайда колдоно билүүгө машыктырууда көнүгүүлөр системасына да көбүрөөк басым жасалса, илимий иштин иш кагаздарын окутуунун методикасы бөлүмүн толук чагылдырмак. (129-бет)

**XI. Диссертациянын КР УАКтын “Окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндөгү Жобосунун” талаптарына ылайык келиши**

Айбашова Тазагул Матраимовнанын “Орто мектептерде функционалдык стилдерди окутуу” аттуу диссертациясы УАКтын кандидаттык диссертацияларына коюлуучу талаптарына жооп берет, ал эми анын автору 13.00.02-окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

Расмий оппонент, К.Карасаев атындагы
Бишкек мамлекеттик университетине караштуу
Үзгүлтүксүз дистанттык билим берүү институтунун
педагогикалык билим берүү жана инновациялык
технологиялар кафедрасынын п.и.к., доцентин м.а. Сагынбаева Г.И.

Дата поступления отзыва в ДС Д 13.23.673
02.2025г
Осорбаева

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

ОК

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ ... И. АРАБАЕВА
... ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН